ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
Жайыл негизги мектеби
724405 Жайыл айылы
Центральная көч.27
ИНН02004200410094
Тел 7-01-95

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
Основная школа Жайыл
724405,с.Жайыл,
ул.Центральная 27
ИНН 02004200410094
Тел 7-01-95

# Жайыл негизги мектебинин
# Педагогикалык кенешмесинин
# №6 протоколу

**6.06.2022** **Жайыл негизги мектеби**

Бардыгы-14

Катышты-14

**Күн тартибинде**

**1.2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы**

**2. 1-4, 5-8-кл. окуучуларын класстан класска көчүрүү.**

**3. 1-4-класстарга жайкы эс алууну уюштуруу.**

1. Күн тартибиндеги каралып жаткан маселелер менен тааныштырып, мектептин

директору төмөнкүлөргө токтолду:

Быйылкы окуу жылы 9-июнда аяктайт. Салтанаттуу тизим саат 9.00

башталат. "Акыркы конгуроо" салтанаттуу аземине катышууга бөлүнгөн конокторр келишет. Алар: Кыргыз ГППП Жайыл райондук филиалынын башчысы Ысаков Догдурбек Бейшенбекович жана Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Султанкулова Эльмира Абдыкапаровна келет.

Ал эми биздин мектептин атынан чакырылгандар төмөнкүлөр:

- Жайыл а/а башчысы – Кокоев М.Дж
- Ата-энелер комитетинин төрайымы – Эшанкулова Ж.М
- Жергиликтүү кеңешинин депутаты – Акматов А.К.

Угулду:мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматова жылдын жыйынтыгы боюнча анализ окуп берди.(анализ тиркелет).

Ар бир предметтер боюнча анализдерди ,предметтик мугалимдер окуп берди (анализ тиркелет).Окуу программасынын сапатын өздөштүрүү боюнча ар бир чейректеги,жылдык пайыздарын чыгарып көрсөтүштү.Жөндөмдүү,жөндөмсүз окуучулар менен иш алып барууда кандай кырдаалдар болгонун жана жыйынтыгы кандай болгонун айтып беришти.

Негизги жалпы билим берүү предметтери боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу окуу жылы бою администрациянын көзөмөлүндө болду.Ар бир чейректин аягында программанын теориалык жана практикалык бөлүгүнүн аткарылышына талдоо жүргүзүлүп турду.Жылдын жыйынтыгы боюнча мектепти 112 окуучу аяктады,анын ичинен 45 кыз бала.Билим сапаты 36,6% түздү.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,кенешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

**1.** "Акыркы конгуроо" салтанаттуу аземине жооптуу болуп мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.У.Керимбаева жана башталгыч класс мугалими А.Э.Абдрахмановага жүктөлсүн

**2.** Жылдын жыйынтыгы боюнча жазылган анализ “жакшы”деп кабыл алынсын.

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча 1-8-класстарды класстан класска көчүрүүдө класс жетекчилери сүйлөштү.

1-класстын класс жетекчиси Омуркулова Ф.Ж

Класста 11 окуучу, 6 окуучу эң жакшы окуйт. Начарыраак окугандан Кудайбергенов Б. үйдөн көзөмөлдүн жоктугун айтты. Сабакты көп калтырган окуучулар: Мамбеткулова Кундуз,Калмырзаев Баяман.Себепсиз калтырышат, бирок окуулары жакшы экендигин билдирди.Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына Турсунбекова Салтанатты көрсөттү.

Жарыш сөзгө: Орус тили мугалими Касимов И.И. чыгып сүйлөдү. 1-класста окуучулардын көпчүлүгү жакшы окушат. Тапшырманы убагында аткарышат.

Жайкы каникулда дептер берилип, ата-энелер балдарынын кол жазмаларынын үстүндө иштөө керектигин сунуштады.

2021-2022-окуу жылында окуу программасын толук өздөштүргөндүктөн 11 окуучу класстан класска көчүрүлдү: (тизме тиркелет)

2-класстын класс жетекчиси Абдрахманова А.Э

2-класста 10 окуучу болгондуктан билим сапаты 45,5%ды түзгөн. Окуучуларга ата-энелер көп жардам беришет. Сабакка болгон кызыгуулары жакшы. Көп калтырган, кечиккен окуучулар жокко эсе экендигин билдирди. Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына жана сыйлыгына Маликова Медина, жыл ичинде коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Абдыкеримова Элянора жана Шейшенов Али көрсөтүлдү. Программа толук өтүлдү.

2-класстын 10 окуучусу 3-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

3-класста 20 окуучу, билим сапаты 65,% болгон. 4 отличник, 9 ударник окуучу аяктады. Окуучулар жалпысынан активдүү, тартиптери эң жакшы. Өтө начар, сабакты өздөштүрө албаган окуучулар жок, кол жазмалары жакшы Математика сабагына абдан кызыгышат. Эң жакшы өздөштүргөн окуучулар: Джолдошбеков Д,Болотбеков А.,Джумабеков А.,Айдарканов Н

Начар өздөштүргөн окуучу Майрамбекова М

Кекечтенип жакшы сүйлөй албайт жана кол жазмасы начар. Апасы менен тыгыз иш алып барылат. Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына Джолдошбеков Д көрсөттү. Программа толук өтүлдү.

Жарыш сөзгө: ОББ бөлүмүнүн башчысы чыкты.

Абдрахманова Ализа быйылкы окуу жылында классы, ата-энелери менен жакшы иштерди алып барды. "Окуу керемети" долбоорунда эң сонун ийгиликтерди жарата алды. Классы менен ата-энелерди катыштырып, кызыктуу сабактарды, ачык сааттарды көп өттү.

3-класстын 20 окуучусу окуучусу 4-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

4-класста 8 окуучу, билим сапаты 50% түздү. 1 отличник, 3 ударник бар экенин айтты. Класс өтө жандуу, коомдук иштерге активдүү катышышты. Көпчүлүгүнүн кол жазмалары жакшы. Окуудан шар окушат, өз ойлорун эркин айтып түшүндүрүшөт. Математика сабагына өтө кызыгышат. Кыргыз тили, математика сабактарынан административдик текшерүүлөр

алынган. Текшерүүдө жазуудан чейректик баадан динамикасы 7,8ге төмөн көрсөткөн. Окуу тездиги 75% түзгөн. Окуучулар таблица, тесттер менен көп иштешти. Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына жана сыйлыгына Акынова Уулдана, жыл ичинде коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Шекербекова Айтурган көрсөтүлдү. Окуу программасын толугу менен өздөштүрүштү.

Жарыш сөзгө: Усулдук бирикменин жетекчиси Абдрахманова А.Э чыкты. Ал өз сөзүндө быйылкы окуу жылында 4-класстын окуучулары бардык жагынан активдүүлүгүн көрсөтүшө алганын билдирди. Класста 1 гана окуучунун тартиби начар экенин, сабактарда билим билгичтиктери жакшы экенин баса белгилеп кетти. Жылдын активдүү классы катары 4-классты сунуштады.

4-класстын 8 окуучусу 5-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)[1]

*ОББ* Акматова А.К. 2021-2022-окуу жылында төмөнкүлөргө токтолду.

5-7-класстардын класс жетекчилери отчет берүү менен окуучуларды Класстан каласска көчүрүүсүн суранышты. Окуу программасын толук өздөштүрүп, ийгиликтүү аяктагандыктан төмөнкү класстын окуучулары класстан класска көчүрүлсүн.

5-класстын класс жетекчиси Токтонбекова З.А

Класста 18 окуучу, 2 отличник, 6 ударник. Окуучулардын сабакка жетишүүсү жакшы. Билим сапаты 40% түздү. Бир "3" бар окуучулар 2, бир "4" бар окуучу Асанбекова Нуриза. Математика сабагынан динамикасы түшүп кеткен. Нурмухамбетов Даниэль,Джумалиева Айпери эң жакшы окушат. 4-чейректе Медербеков Эмирхан себепсиз сабакты көп калтырды. Осмонова Озлемге үйдө жардам берилбейт. Окуучулардын көпчүлүгү жоопкерчиликтүү, дайыма форма менен келишет жана кечигишпейт. Окуу программасын толук өздөштүрүп бүтүштү. Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына жана сыйлыгына Нурмухамбетов Даниэль, жыл ичинде коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн

Мамбеткулова Аяна көрсөтүлдү.

Жарыш сөзгө: УБнын жетекчиси Хожомуратова Б.С чыгып сүйлөдү.

Токтонбекова Зарина классы менен жакшы иш алып барды. Жыл бою эч бир эскертүүлөр берилбеди. Дайыма ишине так жана жоопкерчиликтүү иштегенин атап өттү.

5-класстын 18 окуучусу 6-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

6-класстын класс жетекчиси Кокоева А.Дж.

6-класста 14 окуучу, билим сапаты 64,7%ды түзгөн. Класстын сабакка жетишүүсү, тартиби эң жакшы. Отличниктердин саны 4, ударниктердин саны 3. Эң начар окуучу жокко эсе. Токтобеков Нурдун жана Турсунбеков Бекболдун кол жазмалары начар. Оозеки сабактарда жакшы.Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына жана сыйлыгына Нурмухамбетова Анжелика көрсөтүлдү.

6-класстын 14 окуучусу 7-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

7-класстын класс жетекчиси Саламат кызы Нурай.

Класста бардыгы 17 окуучу, анын ичинен 1 отличник, 3 ударник. Билим сапаты 28%ды түздү. Класс коомдук иштерге активдүү катышты. Сабакты себепсиз калтырган окуучулар болгон жок. Жылдын башында Бишкек шаарындагы "Тарых" музейине, жылдын ортосунда Кара-Балта шаарындагы жаңы ачылган музейге экскурсияга барып келишти. Өтө начар окуган

окуучулар жокко эсе. Класс жетекчи ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барат.

Жылдын мыкты окуучусу катары мектеп грамотасына жана сыйлыгына Алимбекова Багдана, жыл ичинде коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Акжолтоева Назик көрсөтүлдү.

7-класстын 17 окуучусу 8-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

7Б-класстын класс жетекчиси Касимов И.И.

7-классты 7 окуучу окуп бүтүрдү. Анын ичинен 1 отличник, 2ударник. Билим сапаты 35%ды түздү. Окуучулардын окууга болгон кызыгуулары жакшы. Бардык балдар сабактардан жетишет. Сабакты себепсиз көп калтырган окуучу Пашаева Лиана. Лиана таята, таенеси менен

турат. Таенеси оорукчан, балангы карай албайт. Таятасы үйүндө көп турбайт. Бала окугусу келбейт. Балдар менен тил табышып сүйлөшө албайт.

Жарыш сөзгө: Соц.педагог Керимбаева М.М. чыгып сүйлөдү.

Апасы менен бир нече жолу сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн.Эмдиги жылы чет мамлекеттен келип өз карамына аларын айтты.

7Б-класстын 7 окуучусу 8-класска көчүрүлсүн. (тизме тиркелет)

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,кенешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Окуучулардын өздүк делолору убагында толтурулуп, 1, 4-класстарга мүнөздөмөлөр жазылсын;

2. 1-4-класстын, 5-7-класстын окуучулары класстан класска көчүрүлсүн;

3. Жайкы каникул учурунда окуучулардын коопсуздугу, бекитилген Мугалимдерге жана ата-энелерге жоопкерчиликтүү иш алып баруу милдеттендирилсин;

4. Ар бир класстын кабинет башчысы ремонт иштерин бүткөрүп, эмгек өргүүгө жөнөтүлсүн;

5. Көрсөтүлгөн тизме боюнча "Акыркы коңгуроо" аземинде жылдын мыктыларына грамоталар менен сыйлыктар тапшырылсын;

6. "Акыркы коңгуроо" иш-чарасын жогорку деңгээлде өткөрүү Абдрахманова А.Эге жүктөлсүн;

7. Окуу тарбия иштери анализденип, август кеңешмесине даярдалсын;

8. Жогорудагыларды көзөмөлдөөнү өзүмө жүктөймүн.

3-маселе боюнча мектептин тарбия иштеринин уюштуруучусу М.У.Керимбаева жай мезгилинде окуучулардын коопсуздугуна көзөмөл болуу жөнүндө төмөндөгүлөргө токтолду.

1. 1-4-класстарда жайкы эс алуу 3 бөлүм боюнча өткөрүлөт:

I агымда 2-3-класс 13-17-июнга чейин 20 окуучу

Жооптуу 3-кл мугалими Абдрахманова А.Э

II агымда 3-4-класс 20-24-июнга чейин 20 окуучу

Жооптуу 4-кл мугалими Джишенбаева М.У.

III агымда 1-2-класс 27-30-июнга чейин 20 окуучу

Жооптуу 2-кл мугалими Кокоева А.К

3. <<Энелер мектеби» ата-энелер менен бирдикте мугалимдер өз участогундагы окуучуларга көзөмөл болушат. Жыйынтыгы август айындагы пед.кеңеште каралат.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,кенешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. 1-4-класстарда жайкы эс алуу уюштурулуп көзөмөлдөнсүн жана жоопкерчиликтүү иш алып баруусу тарбия иштеринин уюштуруучусу М.У.Керимбаевага милдеттендирилсин;

4. Жайкы каникул мезгилинде "Энелер мектеби" боюнча бөлүнгөн окуучуларга бекитилген мугалимдер жоопкерчилик иши жүктөлсүн.

Педагогикалык кенешменин төрайымы: Омуркулова Ф.Ж

Катчысы: Акматова А.К